УДК 37.01:39
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-107-112

**БАЙТОКОВА А.С., БАЙТОКОВА Г.С., АБДРАШИТОВА Т.Т.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**БАЙТОКОВА А.С., БАЙТОКОВА Г.С., АБДИРАШИТОВА Т.Т.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**BAITOKOVA A.S., BAITOKOVA G.S., ABDIRASHITOVA T.T.**
KNU Jusup Balasagyn

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН ААЛАМДАШУУ ДООРУНДАГЫ ОРДУ

## РОЛЬ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

## THE ROLE OF FOLK PEDAGOGY IN THE ERA OF GLOBALIZATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада ааламдашуунун шарттарындагы маданияттардын жакындашуусундагы улуттук иденттүүлүктү сактоо маселелеринин курчушуна байланыштуу элдик педагогиканын орду жана ролун каралат. Анда элдик педагогика жөн гана өткөндүн мурасы эмес, тескерисинче, ааламдашкан дүйнөдө улуттук өзөктү жана маданий өзгөчөлүктү сактап калууда жол көрсөтүүчү маданий булак экендиги көрсөтүлөт. Макалада инсанды калыптандыруудагы, муундар аралык байланышты чыңдоодогу, улуттук баалуулуктарды жаштарга жеткирүүдөгү маселелер каралат. Элдик педагогика заманбап билим берүү системасынын ажырагыс бөлүгү болуп, жаштарды ааламдашуудагы өзгөрүүлөргө кантип туруштук берүүгө даярдоо менен бирге үй-бүлөдөгү улуттук маданиятка болгон мамиленин өзгөчөлүктөрү, тарбиялоонун ыкмалары каралат. Жаштарды учурда өз маданиятын, баалуулуктарын жоготууга дуушар болбоо үчүн өз баалуулуктарына бекем тамырланууга жана азыркы технология заманына жараша айкалыштырууда алардын жашоосунда элдик педагогиканын орду жана ролу чечүүчү мааниге ээ экендиги баса белгиленет.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается место и роль народной педагогики в условиях глобализации, в связи с обострением вопросов сохранения национальной идентичности в условиях сближения культур. В ней подчеркивается, что народная педагогика является не просто наследием прошлого, напротив, показано, что она является ориентирующим культурным источником для сохранения национального стержня и культурной самобытности в глобализированном мире. В статье рассматриваются вопросы формирования личности, укрепления межпоколенческой связи, передачи национальных ценностей молодежи. Народная педагогика, являясь неотъемлемой частью современной системы образования, наряду с подготовкой молодежи к тому, как противостоять изменениям в условиях глобализации, также рассматриваются особенности отношения к национальной культуре в семье и методы воспитания. Подчеркивается решающее значение места и роли народной педагогики в жизни молодежи для того, чтобы твердо укорениться в своих ценностях и не подвергнуться риску утраты своей культуры и ценностей в настоящее время, даже при сочетании с требованиями эпохи современных технологий.

**Abstract:** This article examines the place and role of folk pedagogy in the conditions of globalization, in connection with the exacerbation of issues related to preserving national identity amidst the convergence of cultures. It emphasizes that folk pedagogy is not simply a heritage of the past; on the contrary, it is shown to be a guiding cultural source for preserving the national core and cultural distinctiveness in the globalized world. The article considers issues in personality formation, strengthening intergenerational ties, and transmitting national values to youth. Folk pedagogy, being an integral part of the modern education system, is discussed alongside preparing youth on how to withstand the changes in globalization; peculiarities of the attitude towards national culture in the family and methods of upbringing are also examined. It is highlighted that the place and role of folk pedagogy in the lives of youth are of decisive importance for them to be firmly rooted in their values and avoid losing their culture and values in the present era, even when integrating with the era of modern technology.

**Негиги сөздөр:** улуттук маданият; үй-бүлө; ааламдашуу; технология; жаш муун; иденттүүлүк.

**Ключевые слова:** культура нации; семья; глобализация; технология; молодое поколение; идентичность.

**Keywords:** national culture; family; globalization; technology; young generation; identity.

Ааламдашуу процессинин таасири астында адам баласынын жашоо шарты тездик менен өзгөрүүдө. Маселен экономикадагы, саясаттагы жана маданияттагы өзгөрүүлөр, маалыматтык технологиялардын өнүгүшү, эл аралык байланыштардын күчөшү – мунун баары жашоодогу баалуулуктардын алмашуусуна алып келүүдө. Мындай шарттарда улуттук иденттүүлүктү сактоо маселелери өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Элдик таалим-тарбия инсандын өсүп-өнүгүүсүндө өз улутуна тиешелүүлүгүн, тилин, салтын, маданиятын таанып-билүүсүнө жардам берет. Иденттүүлүктү сактоо инсандын «Мен киммин?» деген суроосуна жооп берип, улуттук аң-сезимди калыптандырат. Ааламдашуу өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен улуттук аң-сезимге кандайдыр бир деңгээлде терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Дал ушул жерде элдик педагогиканын ааламдашуу доорундагы орду алдыңкы орунга чыгат. Улуттук тарбия, тил, тарых, салт-санаа, каада-салт, искусство тууралуу билимдерди өткөрүп берүү менен адамга өзүн белгилүү бир этностун бөлүгү катары сезүүгө жана өз маданиятына сыймыктанууну бекемдөөгө жардам берет. Бул туруктуу инсанды калыптандыруу үчүн негиз болуп саналат. Демек, элдик педагогика – бул улут калыптана электен эле узак мезгил бою жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, ошондой эле элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп келген, адамды муундан-муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин жана ыймандык нарк-дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык билимдердин жана практикалык иш-аракеттердин өзгөчө системасы болуп саналат [1, б. 7]. Ал өзүнүн маданий топурагында тамырлаган инсанды калыптандыруунун куралы катары элдин кылымдарды карыткан даанышмандыгына, анын каада-салттарына, жөрөлгөлөрүнө, фольклоруна, тилине таянат. Өзгөчө жаштар ааламдашуунун күчтүү таасирине кабылып жаткан доордо элдик педагогика бир катар маанилүү функцияларды аткарат: жаш муунга адеп-ахлактуу болууну, эмгекчилдикти, улууларды сыйлоону жана коомдо туура жүрүм-турумду үйрөтөт; улуттук каада-салттар, фольклор, үрп-адаттар аркылуу маданиятты сактоо жана муундан-муунга өткөрүп берет.

Ар бир этностун элдик педагогикасы уникалдуу, убакыт тарабынан сыналган тарбия жана билим берүүгө карата методдорду камтыйт [4]. Бул боюнча профессор Г.Н.Волков мындай дейт: "Эң күчтүү, эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика – элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын мыктысы эл". Маселен, кыргыз элдик педагогикасы жөнүндө айта турган болсок, байыркы убактарда жаш балдарды тарбиялоо кыргыз элинде эң жөнөкөй мүнөздө болгон. Кыргыздар бала көпчүлүктүкү, баардыгына таандык деген, ошондуктан аны тарбиялоону байыркы кездерден бери коллективдүү жүргүзүшкөн. Балдар эмгектенүүдө жана чоңдор менен күндөлүк аралашууда турмуш үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү өздөштүрүшүп, эмгек аракеттерине көнүгүшкөн жана адамдардын турмушун коштогон үрп-адаттарды аткарууну үйрөнүшкөн [2; 3]. Нуска сөздөр, уламыш, болумуштар, дастандар, жомоктор, макал-лакап, табышмактар, оюндар жана элдик ырлар, таштагы жазуулар, акындар чыгармачылыгы ал убакта балдардын кулк-мүнөзүн, жүрүш-турушун, адеп- ахлагын тарбиялоонун булагы болгон [5].

Кыргыз элинде да жаш муундарды элдик педагогиканын таасиринде тарбиялоодо, кыргыз этнопедагогикасы жана анын урпак тарбиясындагы ролу тууралуу илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн окумуштууларыбыз С.М.Саипбаев, Т.О.Ормонов, Ж.Бешимов, Н.И.Имаева, Б.Апышев, Р.И.Курманходжаева, А.Алимбеков, А.Т.Калдыбаева, С.О.Байгазиев, Н.А.Асипова, А.А.Акматалиев, К.К.Тусубекова, С.Иптаров ж.б. этнопедагогика багытындагы эмгектери зор мааниге ээ. Профессор А.Алимбеков, элдик педагогиканын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө төмөндөгүчө кайрылат: Коллективдүүлүк — элдин тарбия тажрыйбаларынын генезисин өсүп-өнүгүшүн мүнөздөөчү башкы өзгөчөлүк. Коллективдүүлүк эл өкүлдөрүнүн педагогикалык процесске массалык катышуусун да мүнөздөйт. Элдик педагогиканын илимий педагогикадан артыкча башкы касиети — демократиялуулук. Чындыгында, эл, элдүүлүк, демократия — мазмуну бирдей өтмө катыш, түгөй түшүнүктөр. Муундан муунга тынымсыз өтүүчүлүк, элдик мурастарга, анын ичинде элдик педагогикалык мурастарга да мүнөздүү башкы касиет. Тагыраак айтканда, мурдагы муундар калтырып кеткен акыл-ойлорду жана турмуштук тажрыйбаларды кийинки

муундардын байманасына айландыруу элдик педагогиканын акыл-эстик жана практикалык иш-аракеттеринин негизги мазмунун түзөт [1, б. 12]. Ырасында эле, байыртадан бери бала тарбиялоодо бүтүндөй бир айыл катышкан, ошол себептен “Кызга кырк үйдөн тыйуу” деген сыяктуу макалдар эл арасында бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет. Ал эми демократиялуулукту автор, элдик педагогика бөбөктөрдөн баштап, карыларга чейин баарына тиешелүү, баарына түшүнүктүү билим, өрнөктүү тажрыйба. Анын мазмуну жалпы журттун максат-мүдөөлөрүнө төп жана ортоктош деп берет. Элдик педагогикадагы дагы бир өзгөчөлүк Муундан муунга тынымсыз өтүүчүлүктү муундар ортосундагы байланышты бекемдөөнүн, улуттук баалуулуктарды жаш муундарда калыптандыруудагы бөтөнчө бир өзгөчөлүк катары баа берүүгө болот. Өзгөчө азыркы ааламдашуу доорунда ар бир улуттун өзүнө таандык нарк-насили бар экендигин, жаш муундарды элдик педагогиканын таасиринде тарбиялоо зарылчылыгы келип чыкканын мезгил өзү тастыктап отурат.

Кыргыз эли башка улуттардай тарбиялоо жөнүндө насааттарды кагаз бетинде жазып калтырышпаганы менен байыркы кылымдардан бери оозеки туюнтуп келишкен. Алсак, бирөөгө жамандык кылба, кумурсканын, чымчыктын уюгун бузба, ууру кылба, ушак сүйлөбө, кыбылага бутуңду сунуп жатпа, карыялардын алдын кесип өтпө, нанды тебелебе, нан ыйык болот деген сыяктуу сөздөрдү бала сөзгө түшүнө баштагандан эле кулагына куюп жан дүйнөсүнө сиңире баштаган.

Элдик педагогикада кылымдар бою салт жана маданиятка ширелген элдик чөйрөдө калыптанган ошол этноско таандык тарбиялоонун ыкмалары бар. Бул ыкмалар так формалдаштырылган эмес, бирок тажрыйбаны, баалуулуктарды жана жүрүм-турум нормаларын өткөрүп берүүдө абдан натыйжалуу болуп саналат. Элдик педагогиканын кеңири таралган негизги ыкмалары:

Үлгү көрсөтүү: Эң натыйжалуу методдордун бири. Балдар чоңдордун - коомдогу өмүрү өрнөк болгон белгилүү инсандардын жана ата-эненин, улуу туугандардын, жүрүм-турумун байкоо менен үйрөнүшөт.

Көнүгүү: Аракеттерди көп жолу кайталоо аркылуу көндүмдөрдү жана адаттарды калыптандыруу. Бул эмгек көндүмдөрүнө (чарбага жардам берүү, кол өнөрчүлүк), тиричилик көндүмдөрүнө (өзүнө кам көрүү, тартип) жана этикет нормаларына (саламдашуу, дасторкондогу жүрүм-турум, улууларга кайрылуу) тиешелүү. Көндүрүү табигый түрдө, биргелешкен ишмердүүлүктүн жүрүшүндө ишке ашат.

Ынандыруу: Баланын аң-сезимине сөз аркылуу таасир этүү. Бул түз насааттар, кеңештер, түшүндүрүүлөр, маектер болушу мүмкүн. Бул жерде элдик көркөм өнөрдүн оозеки формалары өзгөчө орунду ээлейт:

Жомоктор, мифтер, легендалар: Алар аркылуу дүйнө тааным, тарыхый эс-тутум, жакшылык жана жамандык жөнүндөгү түшүнүктөр өткөрүлүп берилет, баатырлардын идеалдары калыптанат.

Макал-лакаптар, накыл сөздөр, афоризмдер: Элдик чыгармалар аркылуу жаштарды акыл-эсин өстүрүүгө, логикалык ой-жүгүртүүгө үйрөтүшкөн. Мисалы, макал аркылуу адамгерчиликке, табышмак аркылуу байкоо жөндөмүнө тарбия берилген. Элдик даанышмандыкты жана моралдык багыттарды камтыган кыска, маанилүү сөздөр. Алар оңой жатталат жана даяр жүрүм-турум нормалары катары кызмат кылат.

Ырлар, бешик ырлары, элдик ырлар: Эстетикалык сезимдерди, эмоционалдык чөйрөнү тарбиялайт, эне тили жана маданияты менен тааныштырат.

Оюндар аркылуу: Оюндар социалдаштыруунун жана окутуунун күчтүү каражаты болуп саналат. Элдик оюндар көбүнчө чоңдордун иштерин (аңчылык, жер иштетүү, курулуш) туурайт, физикалык сапаттарды, шамдагайлыкты, акылдуулукту өнүктүрөт, жамаатта өз ара аракеттенүүнү, эрежелерди сактоону үйрөтөт.

Эмгекке тартуу: Балдарды кичинекей кезинен баштап колунан келген эмгекке тартуу. Чоңдор менен биргелешкен эмгек кесиптик жана тиричилик көндүмдөрүн өткөрүп берүү менен гана чектелбестен, эмгекке болгон урматты, жоопкерчиликти, өз алдынчалуулукту, үй-бүлө жана коомчулук алдындагы милдет сезимин тарбиялайт.

Жаратылыш аркылуу: Жаратылыш улуу тарбиячы катары каралат. Жаратылыш кубулуштарын байкоо, мезгилдик иштерге катышуу, өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө билим – мунун баары айлана-чөйрөгө аяр мамилени, эмгекчилдикти, физикалык чыдамкайлыкты, эстетикалык сезимдерди калыптандырат.

Искусствону жана кол өнөрчүлүктү: Элдик кол өнөрчүлүккө үйрөтүү, тиричилик буюмдарын, кийимдерди, жасалгаларды

жасоого катышуу, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү, эстетикалык табитти өнүктүрөт, сабырдуулукту жана тыкандыкты тарбиялайт. Элдик бийлерге, музыкага, ырдоого катышуу да тарбиялоонун бир ыкмасы болуп саналат.

Сыйлоо жана жазалоо: Сыйлоо (мактоо, жактыруу, белектер) жүрүм-турумду бекемдөөгө жардам берет. Жазалоонун дагы жашына жараша өзүнө таандык эл ичинде ар кандай формалары болгон. Мисалы: аксакалдар соту же одоно тартип бузууларда айылдан көчүрүп жиберүү ж.б.ушу сыяктуу.

Жөрөлгөлөргө жана майрамдарга тартуу: Үй-бүлөлүк жана календардык жөрөлгөлөргө, майрамдарга, жашына жана статусуна байланыштуу жүрүм-турум нормаларын өздөштүрүүгө, маданияттын руханий жана адеп-ахлактык негиздерин түшүнүүгө жардам берет.

Ошентип азыркы учурдагы бизди түйшөлткөн маселеге кайрыла турган болсок. Ааламдашууда учурдагы шартта кантип үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өз иденттүүлүгүн сактап кала алат? – деген суроо ар бир атуулду кайдыгер калтырбаса керек.

Азыркы мезгилдеги заманбап шарттагы үй-бүлөдөгү мамиле менен улуттук тарбиянын байланышы – бул бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу маселелерден болуп эсептелет. Инсандын калыптануусунда жана адам катары турмуштан ордун табуусунда эң биринчи тарбияны үй-бүлө берет. Үй-бүлөдөгү баарлашуу, мамиле, ата-эненин үлгү көрсөтүүсү сыяктуу көрүнүштөр тарбиянын алгачкы жана эң маанилүү чөйрөсү болуп эсептелет. Ошол эле учурда ааламдашуу, маалыматтык-технологиялык агым, интернет таасири сыяктуу факторлор учурдагы үй-бүлө очогуна олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келүүдө. Бул шартта улуттук тарбиянын салттуу ыкмаларын, каражаттарын, маңызын сактап калуу чоң мааниге ээ. Маселен бүгүнкү үй-бүлөдө биз жогоруда айткан муундан муунга өтүүчүлүктү аткаруу үчүн кандай иштерди аткаруу шарт: Улуттук иденттүүлүктү калыптандыруу менен бала өз тилин, улутун, тарыхын, динин, салт-санаасын таанып биле баштайт. Эне тилинде сүйлөөнү, улуттук каада-салттарды сактоону, улуттук аң-сезимдин пайдубалы катары кароого болот; Салттуу баалуулуктарды өткөрүүдө, улууну урматтоодон баштап, кичүүнү ызаттоо, конок тосуу, ынтымак, уят жана абийир сыяктуу түшүнүктөрдүн калыптанышы жүрөт. Бул учурда ошол түшүнүктөрдү калыптандыруу ата-эне, чоң ата-чоң эне аркылуу берилет. Кыргыз эли үй-бүлө мүчөлөрүн адептүүлүккө, уят-сыйыттуулукка тарбиялаган. Мындай сапаттар бүгүн да заманбап коомдо маанисин жогото элек. Бирок ошондой болсо да заманбап технологиянын өнүгүшү, социалдык тармактар жана массалык маданият балдардын дүйнө таанымына, жүрүм-турумуна кандайдыр бир деңгээлде курч таасирин тийгизүүдө. Бүгүнкү үй-бүлөлөрдө, өзгөчө ички жана тышкы миграциянын учурунда ата-энелер жумуш менен алек болуп, тарбия маселесине жетиштүү көңүл бура албай калышы мүмкүн. Тең укуктуулук, гендердик теңчилик сыяктуу түшүнүктөр үй-бүлөдө жаңыча көз караштьı талап кылууда. Мисалы, улуттук тарбия менен заманбап мамиленин айкалыштыруунун жолдору карап көрсөк:

1. Салт менен жаңычылдыкты айкалыштырууда балага чоң жана кичи эпосторду айтууну үйрөтүү менен бирге заманбап адабиятка кызыгуусун арттыруу, улуттук оюндарды үйрөтүү менен бирге спорттук ийримдерге катышууга үндөө.

2. Улуттук нарктарды жаңы формада берүүдө тарбиялык маанидеги макал-лакаптарды, жомокторду анимация, мобилдик тиркемелер же оюндар аркылуу жеткирүү.

3. Үй-бүлө ичиндеги баарлашууну бекемдөөдө ата-эне улуттук маданиятты таңуулабастан, салт санаага,улуттук маданиятка байланыштуу маселелерди түшүндүрүү жолу аркылуу бала менен бирге талкуулоого болот.

Эгерде ата-эне улуттук баалуулуктарды заманбап талаптарга ылайык формада жана түшүнүктүү тил менен бере алса, анда улуттук тарбия актуалдуулугун жоготпойт, тескерисинче бекемделет.

Жыйынтыктап айтканда, ааламдашуу доору – бул технологиядагы жаңы мүмкүнчүлүктөр гана эмес, ошондой эле улуттук маданияттарга, тилдерге жана иденттүүлүккө олуттуу чакырыктарды таштаган мезгил. Маданияттардын аралашуу шартында, элдик педагогиканын ролу жөн гана тарыхый мурасты сактоо эмес, ал улуттун баалуулуктарынын өзөгүн бекемдөөчү, жаштарга өз тамырларын аңдап билүүгө жана улуттук дөөлөттөргө урмат менен кароосуна өбөлгө түзгөн маанилүү булак болуп саналат. Элдик педагогика заманбап билим берүү системасынан обочолонбой, тескерисинче, аны толуктап, байытышы керек [8]. Ата-бабалардын акылмандыгына негизделген тарбия ыкмаларын, элдик көркөм өнөрдү, салт-санааларды колдонуу дүйнөдө өз ордун таба алган, ааламдашуудагы процесстерге активдүү

катыша алган, бирок ошол эле учурда өз элинин маданиятына бекем тамырлаган, улуттук аң-сезими жогору инсанды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Ошентип, ааламдашуу доорунда элдик педагогика – бул тарыхта калган жөнөкөй салттардын топтому эмес. Аны өнүктүрүү жана заманбап жашоого интеграциялоо – келечек муундун гармониялуу өнүгүшү жана улуттук маданияттын сакталышы үчүн өтө маанилүү. Ал өзүнүн уникалдуу маданий иденттүүлүгүн сактаган, ата-бабалардын даанышмандыгынын эске алып, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде келечекти курууга даяр инсанды калыптандыруудагы эң маанилүү руханий булактардын бири болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк, Б., 1996. 69-б.
2. Апышев Б. Тарбия назарияты Ош – 1996.
3. Абдылдаев М.К. Мурас Ф: Кыргызстан 1990ж.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика. Под ред. Огородникова И.Т. Чебоксары.; 1974. -213с.
5. Иптаров С. Кыргыз элдик педагогикасы: Изденүүлөр жана табылгалар. //Билим берүүдөгү иновациялык процесстер: проблемалар, тажрыйбалар, өнүгүү келечеги. Б., 1995. 1-20-121б.

6. Абдрахманов С.К. Улуттук маданиятты калыптан-дырууга улуттук таалим-тарбия тажрыйбасынын мааниси. // «Маданият аркылуу билимге» илимий-практикалык конференциялык материалдары. -Б.:КББИ, 1996. -73-76б.

7. Педагогикалык кесипке даярдоодогу акмеологиялык жагдай // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, №2 (114), 2023, 17-б.

8. Киберпедагогика – образовательный вызов XXI века // [Электрондук ресурс]. https://balasagynbulletin.com/ru/journals/tom-17-1-2025/kiberpedagogika-obrazovatelny-vyzov-xxi-veka

**Рецензент: п.и.к., доцент Дуйшонбекова Г.Д.**